КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ
КАРА-КУЛЖА РАЙОНУ
ЫЛАЙ-ТАЛАА
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАРА-КУЛЖИНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ЫЛАЙ-ТАЛИНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

# ЫЛАЙ-ТАЛАА АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН ТОКТОМУ

2026-жылдын 6-июлу, № 10/2 Ылай-Талаа айылы

**Ылай-Талаа айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2026-жылга бекитилген бюджетине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгү” Мыйзамынын 3-главасынын 34-беренесинин 2 –пунктуна жана Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык кеңешинин Регламентинин 1-бөлүгүнүн 2-главасынын 2-пунктуна ылайык Ылай-Талаа айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2026-жылга бекитилген бюджетине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндөгү” Ылай-Талаа айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн ФЭБ башчысы А.Жолдошованын маалыматын, Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык кеңешинин бюджет боюнча туруктуу комиссиясынын жыйналышынын берген сунушун угуп жана талкуулап Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Ылай-Талаа айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2026-жылга бекитилген бюджетине зарылчылык келип чыккандыгына байланыштуу өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилсин.

2. Өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду Ылай-Талаа айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн бюджеттик планына киргизип берүү жагы КРФМ Кара-Кулжа каржы башкармалыгынан суралсын.

3. Бюджетке өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүдө тиешелүү документтерди даярдап райондук каржы башкармалыгына тапшыруу жагы Ылай-Талаа айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн ФЭБ башчысы А.Жолдошовага милдеттендирилсин.

4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык кеңешинин социалдык-экономикалык өнүгүүнүн болжолдуу багыттарын аныктоо, жаштардын иштери, спорт, миграция, туризм, инвестиция жана бюджет боюнча туруктуу комиссиясына (төрагасы А.Кадыркулов) тапшырылсын

Тиркеме 1 барак, 1 нускада

**Төрага** **А.Мойдунов**

**Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык кенешинин 06.07.2026-жылдагы № 10/2 токтомуна тиркеме**

2026-жылдын бюджетине төмөндөгү өзгөртүүлөрдү киргизүү

(миң сом)

| № | тармак | глава | параграф | берене | өзгөртүүлөр | | анын ичинен | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | көбөй түлөт | азайт ылат | I кв | II кв | III кв | IV кв |
| 1 | Аппарат | 701 | 2215 | | 54,0 | | | | 54,0 | |
| 2 | ЖКХ | 706 | 2215 | | 712,6 | | | | 712,6 | |
| 3 | ЖКХ | 706 | 2511 | | 500,0 | | | | 500,0 | |
| 4 | Айыл чарба | 704 | 2215 | | 114,0 | | | | 114,0 | |
| 5 | Маданият | 708 | 2215 | | 306,1 | | | | 306,1 | |
| 6 | Дет сад | 709 | 2211 | | 253,9 | | | | 253,9 | |
| 7 | СШ | 709 | 2222 | | 340,5 | | | | 340,5 | |
| 8 | НПШ | 709 | 2222 | | 118,2 | | | | 118,2 | |
| | | | | | | | | | | |
| | **Бардыгы:** | | | | **2399,3** | | | | **2399,3** | |

**Ылай-Талаа айыл аймагынын**

**айылдык кеңешинин жооптуу катчысы** **С.Осмоналиев**